Каралды
педагогикалык кеңештин
_____ протокол
“_____”__________2022-ж

Бекитемин
Актилек жалпы билим берүү
орто мектебинин директору
_________ Суранчиев К.Т.
“_05_” _09_ 2022-ж

**Актилек жалпы билим берүү орто мектебинин «Жаш өспүрүмдөр жана жаштар арасындагы укук бузууларды, кылмыштуулуктун алдын алуу» кеңешмеси жөнүндө**

## ЖОБО

### 1. Жалпы жоболор

1.1 Мектепте жаш өспүрүмдөр жана жаштар арасындагы укук бузууларды, кылмыштуулукту алдын алуу, жана окуучунун денгээлин жана жүрүм-турум жакшыртуу максатында өтүлөт.

1.2Жаш өспүрүмдөр жана жаштар арасындагы укук бузууларды, кылмыштуулукту алдын алуу кенешменин мүчөлөрү мектеп директорунун атайын буйругу менен бекитилет. Кенешменин мүчөлөрү мектеп администрациясынын мүчөлөрүнөн, мектеп психологу, социалдык педагог, ИДН кызматкери, МТУнун өкүлдөрү, ата-энелерден турат.

1.3Жаш өспүрүмдөр жана жаштар арасындагы укук бузууларды, кылмыштуулукту алдын алуу кенештин төрайымы, катчысы бекитилет.

**2. Жаш өспүрүмдөр жана жаштар арасындагы укук бузууларды, кылмыштуулукту алдын алуу кенешменин милдеттери**

2.1 Окуучулар арасындагы ар кандай укук бузуучулук жүрүм-турумду (башкаларга салык салуу, үстөмдүк кылуу, сабакты себепсиз көп калтыруу, сабакты начар өздөштүргөн, алкоголдук ичимдикти пайдалануу, тамеки, насвай чегүү, мугалимдер же башка окуучулар менен конфликт болуу ж.б) алдын алуу;
2.2 Укук бузгандардын жүрүм-турумун түзөтүү жагдайына буруу;
2.3 Окуучулар арасындагы өз ара келишпестик мамилелерди жөнгө салуу;
2.4 Окуучулардын окууга болгон мамилесин жакшыртуу;
2.5 Окуучуга көзөмөл кылуу үчүн ата-эненин жоопкерчилигин күчөтүү;
2.6 Окуучуларга жана ата-энелерге түшүндүрүү иштерин жүргүзүү;

**3. Жаш өспүрүмдөр жана жаштар арасындагы укук бузууларды, кылмыштуулукту алдын алуу кенешменин укуктары**

3.1 Үй-бүлөдөгү маселелердин чечилишине жардам берүү;
3.2 Окуучуларга жана ата-энелерге тиешелүү сунуштарды киргизүүгө;
3.3 Окуучуларды жана ата-энелерди мектептин уставына ылайык иш жүргүүзүнү талап кылууга;
3.4 Окуучунун тартип бузуу денгээлине ылайык эскертүү берүүгө, мектептин ички көзөмөлүнө, же ИДНдин көзөмөлүнө сунуштоо;

**4. Жаш өспүрүмдөр жана жаштар арасындагы укук бузууларды, кылмыштуулукту алдын алуу кенештин жүрүшүн уюштуруу**

4.1Жаш өспүрүмдөр жана жаштар арасындагы укук бузууларды, кылмыштуулукту алдын алуу кенеш болор күнү алдын ала директор алдындагы кенешмеде белгиленип, өндүрүштүк кенешмеде класс жетекчилерге эскертилет;
4.2 Кенеш айына бир жолу же зарыл болгон учурда андан да көп болушу мүмкүн;
4.3 Жаш өспүрүмдөр жана жаштар арасындагы укук бузууларды, кылмыштуулукту алдын алуу кенеште каралуучу маселелер окуучуларга жана анын ата-энелерине, кенеш болор күнү, убактысы алдын ала класс жетекчиси тарабынан билдирилет;
4.4 Жаш өспүрүмдөр жана жаштар арасындагыукук бузууларды, кылмыштуулукту алдын алуу кенешке каралып жаткан окуучу өзүнүн ата-энеси же окуучунун милдети жүктөлгөн адам менен жана класс жетекчиси болуп чогуу кирищет;
4.5 Кенешмеде каралып жаткан окуучу жөнүндө тарбия иштери боюнча директордун орун басары, окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары же ИДН кызматкер билдирүү жасайт;
4.6 Класс жетекчи окуучуга кыскача мүнөздөмө берет;
4.7 Эгерде окуучу кайсы бир предметтен жетишпей жаткан болсо, предметтик мугалим кошо катышып, окуучунун сабак өздөштүрүү денгээли жөнүндө маалымат берет;
4.8 Каралып жаткан маселе профилактикалык кенештин мүчөлөрү жана ата-эне менен бирге талкууланып , себептери аныкталат;
4.9 Жаш өспүрүмдөр жана жаштар арасындагы укук бузууларды, кылмыштуулукту алдын алуу кенештин жүрүшү жана чечимдери катчы тарабынан протоколго түшүрүлүп, көзөмөлгө коюлган окуучунун мөөнөтү белгиленет;
4.10 Белгиленген мөөнөтү бүткөндө, окуучу кайрадан профилактикалык кенеште каралып, көзөмөлдөн чыгарылып, же көзөмөлдөгү мөөнөтү узартылат.
4.11 Мугалим менен окуучунун ортосундагы конфликти болтурбоо
4.12 Ата-эне менен мугалимдин ортосундагы конфликти алдын алуу
4.13 Медитациялык команда менен иштөө